**УДК: 37.036.5**
**4 DOI 10.33514/1694-7851-2024-2/2-503-510**

**Келдибекова А. О.**
педагогика илимдеринин доктору, профессор
Ош мамлекеттик университети
Ош ш.
akeldibekova@oshsu.kg
**Маткаримова М. Ш.**
ага окутуучу
Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети
Жалал-Абад ш.
mtkarimova1966@mail.ru

# «ЧЫГАРМАЧЫЛЫК» ЖАНА «КРЕАТИВДҮҮЛҮК» ТҮШҮНҮКТӨРҮНҮН ОРТОСУНДАГЫ БАЙЛАНЫШТАР: ОКШОШТУКТАР ЖАНА АЙЫРМАЧЫЛЫКТАР

**Аннотация:** макалада "чыгармачылык" жана "креативдүүлүк" түшүнүктөрүнүн негизги аныктамалары берилди. Ар түрдүү авторлордун кез карашына таянып, негизги мүнөздөмөлөр жана процесстер аныкталды, түшүнүктөрдүн бири-бирин толуктап туруусу, негизги айырмачылыктары мисал келтирилди. Студенттердин окуу процессинде чыгармачыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү маселеси каралды, креативдүү ой жүгүртүүнү өстүрүү, курчап турган чыныгы дүйнө менен жана башка адамдар менен өз ара мамиледе болуп, түрдүү чыгармачылык ишмердүүлүк процессинде ишке ашырылат. Педагогикалык шарттардын аткарылышы окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүк түшүнүгүн конкреттештирүүгө мүмкүндүк берет. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, ата-энелер жана тарбиячылар салттуу окуу дисциплиналарынан тышкаркы чыгармачылык кызыгууларга көбүрөөк колдоо көрсөтүшү керек. Адистер менен мындай сабак өтүү келечектеги новаторлорубуздун креативдүүлүк потенциалын өнүктүрүүгө жардам берет.

**Негизги сөздөр:** чыгармачылык, креативдүүлүк, билим берүү, чыгармачылык процесс, жаңылык, дивергенттик ой жүгүртүү, студент.

**Келдибекова А. О.**
доктор педагогических наук, профессор
Ошский государственный университет
г. Ош
akeldibekova@oshsu.kg
**Маткаримова М. Ш.**
старший преподаватель
Джалал-Абадский государственный университет им. Б. Осмонова
г. Джалал-Абад
matkarimova1966@mail.ru

# СООТНОШЕНИЕ ПОНЯТИЙ «ТВОРЧЕСТВО» И «КРЕАТИВНОСТЬ»:

## СХОДСТВА И РАЗЛИЧИЯ

**Аннотация:** в статье даны основные определения понятий «творчество» и «творчество». На основе точки зрения разных авторов определены основные характеристики и процессы, на примере приведены взаимодополняемость понятий, а также основные различия. Рассмотрена проблема развития творческого мышления студентов в учебном процессе, развитие творческого мышления осуществляется в процессе различной творческой деятельности, взаимодействия с окружающим реальным миром и другими людьми. Выполнение педагогических условий позволяет студентам конкретизировать понятие творческой деятельности. Исследования показывают, что родителям и педагогам необходимо больше поддерживать творческие интересы за пределами традиционных академических дисциплин. Такое обучение у экспертов поможет развить творческий потенциал будущих новаторов.

**Ключевые слова:** творчество, креативность, образование, творческий процесс, новизна, дивергентное мышление, студент.

**Keldibekova A. O.**
doctor of pedagogical sciences, professor
Osh State University
Osh c.
akeldibekova@oshsu.kg
**Matkarimova M. Sh.**
Senior Lecturer
Jalal-Abad State University named after B. Osmonov
Jalal-Abad c.
matkarimova1966@mail.ru

## RELATIONSHIP OF CONCEPTS «CREATIVITY» AND «CREATIVITY»: SIMILARITIES AND DIFFERENCES

**Abstract:** the article gives basic definitions of the concepts of “creativity” and “creativity”. Based on the point of view of different authors, the main characteristics and processes are identified, the complementarity of concepts, as well as the main differences, are shown using an example. The problem of developing creative thinking of students in the educational process is considered; the development of creative thinking is carried out in the process of various creative activities, interaction with the surrounding real world and other people. Fulfillment of pedagogical conditions allows students to concretize the concept of creative activity. Research shows that parents and educators need to do more to support creative interests outside of traditional academic disciplines. Such training from experts will help develop the creativity of future innovators.

**Key words**: creation, creativity, education, creative process, novelty, divergent thinking, a student.

**Киришүү.** Бүгүнкү күндө билим берүү мейкиндигинде динамикалуу өзгөрүүлөр байкалып, алар жогорку мектеп менен катар дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине кирүүгө умтулган жалпы билим берүүнүн жаңы принциптерин жана максаттарын шарттап, көп

маданияттуу болууда. Көп маданияттуу билим берүү мейкиндигинин интенсивдүү өнүгүшү Кыргызстандын дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине киришине багытталган жаңы билим берүү парадигмасынын калыптанышын шарттады. Көптөгөң изилдөөлөр өзгөчөлүгү инсандын руханиятын, чыгармачылыгын жана тапкычтыгын өнүктүрүүгө басым жасоо болуп саналган инновациялык билим берүү бул маселени чечүүгө өбөлгө түзүүсү керектигин көрсөттү.

Инсандын чыгармачылык жана көркөм жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүнүн жолдору жөнүндөгү маселе педагогиканын илим жана жалпы коом катары өнүгүүсүнүн бардык баскычтарында изилденип келген [6], [7]. [8], [11], [13]. Бирок, көптөгөн авторлор "чыгармачылык" жана "креативдүүлүк" терминдерин окшош деп белгилешкенине карабастан, бул макалада биз аларды айырмалоо керек экенин далилдейбиз.

**Талкуулар жана изилдөөнүн жыйынтыктары.** Биринчиден, чыгармачылыктын жана креативдүүлүктүн ар кайсы авторлор тарабынан сунушталган эң ишеничтүү аныктамаларын карап көрөбүз. "Креативдүүлүк" түшүнүгү алгач 1922-жылы Д. Симпсон тарабынан колдонулган. Креативдүүлүк (латынчадан creatio - жаратуу) - бул адамга берилген жоопторго канааттанбай, жаңы оригиналдуу чечимдерди издөөгө, адаттан тыш идеяларды табууга түрткү берген нерсе [3]. Мисалы К. Роджерс [5] креативдүүлүк көйгөйлөрдү чечүүнүн жаңы жолдорун жана жаңы түшүндүрүү ыкмаларын ачуу жөндөмү экенин билдирет.

Креативдүүлүк (латынчадан creatio - жаратуу) - принципиалдуу жаңы идеяларды иштеп чыгууга даярдыгы менен мүнөздөлгөн жана көз карандысыз фактор катары таланттуулук түзүмүнө кирген инсандын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрү [4].

Креативдүүлүк өзүнүн тар маанисинде - бул дивергенттик ой жүгүртүү (тагыраак айтканда, Дж. Гилфорддун ою боюнча, дивергенттик өндүрүмдүүлүк операциялары), инсандын бир эле тапшырма үчүн ар кандай адаттан тыш, жашоого жөндөмдүү чечимдерди жаратууга даярдыгын билдирет.

Креативдүүлүк кеңири маанисинде - бул чыгармачыл интеллектуалдык жөндөмдүүлүк, ошону менен бирге тажрыйбага жаңы нерсени алып келүү (Ф. Баррон), көйгөйлөрдү чечүүдө оригиналдуу идеяларды жаратуу, боштуктарды жана карама-каршылыктарды аңдай билүү, кырдаалдын жетишпей жаткан элементтери боюнча гипотезаларды түзүү (Е. Торренс), стереотиптүү ой жүгүртүү ыкмаларынан баш тартуу жөндөмү (Дж. Гилфорд) [5].

Психология жана педагогикада креативдүүлүк деп төмөнкүлөр аныкталат:

- тааныш нерседен жаңы нерсени жаратуу;
- көйгөйдү адаттан тыш жолдор менен чечүү;
- стереотиптерден баш тартуу;
- ой жүгүртүүнүн өзгөчөлүгү жана ийкемдүүлүгү;
- адаттан тыш анализ жана синтез;
- жалгыз туура чечимди интуитивдик тандоо;
- көптөгөн идеяларды жаратуу.

Турмуш-тиричилик маанисинде креативдүүлүк деп акылдуулукту, тапкычтыкты түшүнүшөт. Бул контекстте "креативдүүлүк" түшүнүгүндө басым дал ушул ой жүгүртүү ишмердүүлүгүнө жасалат. Бул адамдын жагдай, буюм, абал, шарттарды көйгөйдү эң пайдалуу, акылдуу жана тривиалдуу эмес жолдор менен чече тургандай колдонуу жөндөмү.

Чыгармачылык автордун эргүүсүн, жөндөмүн, кырдаалга же объектке болгон өзгөчө көз карашын билдирет. Эреже катары, чыгармачыл адамдар - режиссерлор, актерлор, акындар өз шедеврлерин өздөрүнүн маанайы жана эмоциялары аркылуу гана жаратышат. Алар "музанын таасири астында" болуп, аң-сезимсиз, интуитивдик түрдө аракеттенишет. Чыгармачылык - жаңы нерсени пайда кылуучу, өзгөчөлүгү, оригиналдуулугу жана коомдук-тарыхый уникалдуулугу менен айырмаланган ишмердүүлүк. Чыгармачылык адамга мүнөздүү, анткени ар кандай чыгармачыл процесстин артында аны демилгелеген жана ишке ашырган инсан, жаратуучу турат [12].

Чыгармачылык - бул адамдын реалдуулук жеткирген материалдан (объективдүү дүйнөнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн таанып билүүнүн негизинде) көп түрдүү коомдук керектөөлөрдү канааттандырган жаңы чындыкты жаратуу жөндөмдүүлүгү [11]. Чыгармачылык процесстин белгилерин баса белгилөө менен, көпчүлүк авторлор анын сырткы таасирлерден эмес, ички себептердин натыйжасында пайда болушун, аң-сезимсиздигин, эрк жана акыл менен башкарылбагандыгын баса белгилешет [2]. Башка сөз менен айтканда, жаратуу учурунда адам пайда болгон образдардын агымын башкара албайт, ошол эле учурда аң-сезим пассивдүү жана жаңы продуктту кабыл алуу процессин гана аткарат.

Жаңылык - чыгармачыл инсандын алдыңкы мүнөздөмөлөрүнүн бири. Бул чыгармачылыктын жүрүшүндө же акыркы продукт катары пайда болушу мүмкүн. Чыгармачылыктын мааниси - жаңы идеяларды ачуу жана ой жүгүртүүнүн оригиналдуу жолдорун табуу.

Эки түшүнүктү тең карап чыгып, креативдүүлүк процесси башкача экенин, ал ишке максат коюуну, прагматикалык аспектти милдеттүү түрдө киргизүүнү камтышын байкоого болот. Креативдүү адамдын иш-аракеттери эргүүгө жана спонтандуулукка гана негизделбейт. Анын иши ар дайым максаттуу жана негиздүү. Чыгармачылыктын продуктусу ал тарабынан буюмдун өзү үчүн эмес, тапшырманы аткаруу же пайда алуу үчүн жаратылат. Бул нерседен иштин кандай каражаттар жана түрлөрү колдонулаары көз каранды. Мисалы, кийимдин креативдүү дизайнери өзүнүн жаңы коллекциясын түзүүнү пландап жатканда, ал коомдун кайсы мүчөлөрүнө багытталаарын, кайсы жерде көрсөтүлүшү, көргөзмөгө кайсы моделдер катышуусу керектигин алдын ала билет. Андан тышкары, ал бул коллекциядан ким кийим сатып алаарын, аны чыгармачылыктын кайсы тармактары менен айкалыштыра алаарын билет. Башкача айтканда, ал бир эле учурда шедевр жаратууга умтулуп, ошол эле учурда андан практикалык пайда табат. Бул анын максаты болуп эсептелет. Демек, чыгармачылык менен креативдүүлүк таптакыр башка нерселер.

Адабияттын теориялык анализинде алынган маалыматтарды жыйынтыктап жатып, баштапкы орунда - чыгармачылык, ал эми ага негизделген чыгармачылык - экинчи орунда турат деген тыянак чыгарсак болот. Ага чейинки түзүлгөн чыгармачылык базасыз креативдүүлүктү өнүктүрүү мүмкүн эмес. Ага чыгармачылык жараянын уюштуруу технологиясы катары аныктама берсе болот. Чыгармачылыксыз креативдүүлүк мөмөсүз, ал эми креативдүүлүксүз чыгармачылык белгилүүлүккө жете албайт. Ошентип, чыгармачылык менен креативдүүлүк тыгыз байланышта [1].

"Креативдүүлүк" жана "чыгармачылык" түшүнүктөрүнүн бирдиктүү аныктамасы жок. Терминдерди кененирээк түшүнүү изилдөө же илимий иш кандай ыкма менен жүргүзүлүп жаткандыгына байланыштуу. Мындан тышкары, креативдүүлүк жана чыгармачылык

түшүнүктөрүн салыштыруудагы аныктамаларда так эместиктер бар экендигин белгилей кетүү маанилүү. Бир катар авторлор бул терминдерди синоним катары аныкташат. Бирок, алардын ортосунда айырма бар. Чыгармачылык процесс автордун эргүүсүнө, жөндөмдүулүктөрүнө негизделет; креативдүүлүк процессинин негизги компоненти прагматикалык элемент болуп калат.

Ошентип, креативдүүлүк процесси өзүнүн өзгөчөлүктөрүнө ээ болуп, ишмердүүлүктүн жана билимдин ар кандай чөйрөлөрүнө мүнөздүү. Жалпысынан алганда, психологдордор тарабынан креативдүүлүк көйгөйү боюнча жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн маалыматтары креативдүүлүк процесси башка таанып-билүү процесстеринен (ой жүгүртүү, эс тутум, элестетүүдөн), ошондой эле алардын өнүгүү деңгээли менен жекече өзгөчөлүгүнөн, чыгармачылык активдүүлүктүн жаатынан көз каранды экендигин көрсөтүп турат.

Чыгармачыл ой жүгүртүү маселеси боюнча чет өлкөлүк изилдөөлөрдү талдоо жана жалпылоо менен төмөнкү корутунду чыгарууга болот. Незизинен, чыгармачыл ой жүгүртүү билимдин калыптанып калган системасынын чегинен чыккан принципиалдуу жаңы нерсени жаратуучу жемиштүү ой жүгүртүү катары каралат. Чыгармачыл ой жүгүртүүнүн мазмунун жана түзүлүшүн аныктоочу негизги касиеттери: эркиндик, ийкемдүүлүк, оригиналдуулук, иштеп чыгылгандык.

Айрым изилдөөчүлөр адамдын креавтидүүлүгүн баалоодо анын натыйжаларына же жетишкендиктерине негизделет [9]. Алар ойлоп табуу, искусство чыгармаларын жаратуу же музыкалык чыгармаларды жазуу сыяктуу коомдук баалуу натыйжаларды чыгармачылыктын белгилери катары карашат. Жетишкендик менен чыгармачыл жөндөмдүүлүк ортосунда кандайдыр бир байланыш бар деп эсептелет, бирок Баррон менен Харрингтондун айтымында, бул байланыш өтө алсыз.

Креативдүү ой жүгүртүүнүн эң маанилүү шарты - альтернативдүү ыкмаларды жана көз караштарды эске алууга даярдык туруу [10]. Креативдүүлүктү өнүктүрүү ийгиликке жетүүнүн мисалдарын издөөнү, ошондой эле кызыктуу жана ар түрдүү адамдар менен баарлашууну билдирет. Алардын айрымдары ыңгайсыздыкты жаратса да, алардын ой жүгүртүүсүн түшүнүүгө аракет кылуу керек. Бул буга чейин кандайдыр бир ийгиликке жетишкендерден көп нерсени үйрөнүүгө мүмкүндүк берет.

Ошентип, инсанга салыштырмалуу өз алдынчалык, эркиндик, ага болгон сый урматты камсыз кылуу, ашыкча талаптарды жок кылуу креативдүүлүктүн өнүгүшүнө шарт түзөт. Бир катар орус авторлору креативдүүлүктүн өнүгүшүнө көмөктөшүүчү башка факторлорду келтиришкен:

• баарлашуунун кеңири чөйрөсү, анын ичинде чыгармачыл, үлгү боло турган улуу кишилердин чөйрөсү;

• ата-энелер менен балдардын ортосундагы демократиялык мамиле;

• балага эмоциялык жактан өзүн көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берүү;

• чоңдордун активдүү, ишкердүү позициясы;

• баланы өз алдынча эмгекке эртерээк киргизүү;

• ар кандай ийримдерге баруу аркылуу чыгармачылыкка киришүү;

• өз тажрыйбасы, саякаты аркылуу таанып билүү кубанычын сезүү;

• баланын изилдөө иш-аракеттерине болгон оң көз караш.

Көптөгөн изилдөөлөргө ылайык, "идеалдуу студенттин" модели өзгөчөлүктөрү боюнча чыгармачыл инсандын моделине карама-каршы келет [12]. Окутуучулар иштегиси

келген студенттин жалпыланган портрети төмөнкүдөй: изденүүчү, акылдуу, ойлуу, баарлашуучу, чынчыл, боорукер, тартиптүү, тапкыч. Айтылган бардык жыйынтыктарды бириктирген бир өзгөчөлүк – бул окутуучунун "бардык белгилүү, чыгаан адамдардын эң жалпы мүнөздөмөсү" болгон - чыгармачылыкка болгон каалоосун (Максимова С. В., 2006) жетишсиз багыттоосу же баалабоосу. Окутуучулар инсандын чыгармачыл жөндөмдүүлүктөрүнө эмес, анын билимине жана өздөштүрүү мүмкүнчүлүктөрүнө багытталып, интеллектуалдык өзгөчөлүктөрүнө басым жасашат. "Көйгөйсүз" студент моделине артыкчылык берилип, анын чыгармачылык шыктуулук жана таанып-билүү муктаждыктары көмүскөдө калат.

"Мыкты студенттин" портретин сүрөттөөдө бир гана "ойлоп табуучулук" сапаты чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрдү мүнөздөйт. "Өзгөчө", "көзкарандысыз", "кутуусуз" сыяктуу мүнөздөмөлөр көбүнчө көзгө илинбей калат. Таланттуу студенттер менен иштеген окутуучу ээ болушу керек болгон маанилүү сапаттардын катарына студенттин ой жүгүртүүсүнүн өзгөчө экендигин көрүүгө жана баалоого жөндөмдүү, чыгармачыл инсан катары мүнөздөгөн өзгөчөлүктөр кирбегендигин белгилей кетүү керек (Максимова С. В., 2006). Окуу программасы студенттердин муктаждыктарына жана мүмкүнчүлүктөрүнө канчалык ылайыкташтырылгандыгына карабастан, таланттуу студенттин өнүгүүсүндөгү эң маанилүү бөлүктүн түшүнбөсө, баалабаса, өзүнүн ишмердүүлүгүндө ийгиликтүү боло албайт.

**Корутунду.** Студенттерде креативдүү ой жүгүртүүнү өстүрүү, курчап турган чыныгы дүйнө менен жана башка адамдар менен өз ара мамиледе болуп, түрдүү чыгармачылык ишмердүүлүк процессинде ишке ашырылат. Педагогикалык шарттардын аткарылышы окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүк түшүнүгүн конкреттештирүүгө мүмкүндүк берет. Объективдүү чыныгы реалдуулуктун маанилүү өз ара байланыштарын ачууга багытталган креативдүү ой жүгүртүүнү өнүктүрүүнү математиканы окутуу процессинде аныктоодо, анын психологиялык-педагогикалык аспектилерин талдоодо, философтордун жана психологдордун илимий эмгектерин негиз катары кабыл алуу зарыл.

Тилекке каршы, студенттердин креативдүүлүк потенциалын өнүктүрүүгө түрткү берүү аракеттери жакында эле башталып, кайсы ыкмалар мыкты экендиги азырынча белгисиз. Бирок изилдөөлөр көрсөткөндөй, ата-энелер жана тарбиячылар салттуу окуу дисциплиналарынан тышкаркы чыгармачылык кызыгууларга көбүрөөк колдоо көрсөтүшү керек. Мындай колдоо көрсөтүү, мүмкүн болсо, адистер менен сабак өтүү, биздин келечектеги новаторлорубуздун креативдүүлүк потенциалын өнүктүрүүгө жардам берет.

Окутуучулар студенттердин креативдик жөндөмдүүлүктөрүнүн өсүүсүнө жана креативдик ой жүгүртүүсүнө жолтоо болбой, тескерисинче, алардын өнүгүшүнө дем берүү үчүн, чет өлкөлүк психологдордун изилдөөлөрүнүн негизинде Л. Б. Ермолаева - Томина тарабынан түзүлгөн принциптерди карманышы керек.

## Колдонулган адабияттар


1. Айбатыров К.С. Современные научно-педагогические представления о креативности / К.С. Айбатыров // Вестник Майкопского государственного технологического университета. 2014. №2. 57-62 бб.
2. Барышева Т.А., Шекалов В.А. Креативный ребенок: Диагностика и развитие творческих способностей / сост. Т.А. Барышева, В.А. Шекалов. Ростов н/Д: Феникс, 2004. 416 б.

3. Большой энциклопедический словарь / под ред. А.М. Прохорова. Норинт, 2004. 814 б.
4. Выготский Л.С. Воображение и творчество в детском возрасте/ Л.С. Выготский. Москва: Просвещение, 1991. 92 б.
5. Гетманская Е.В. Творческий процесс: признаки, этапы, критерии / Е.В. Гетманская // Вестник Вятского государственного университета. 2010. 4 б.
6. Келдибекова А.О., Маткаримова М.Ш. Студенттердин креативдик ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө карата окумуштуулардын көз карашы / А.О. Келдибекова, М.Ш. Маткаримова // Вестник Жалал-Абадского государственного университета. 2023. № S2 (55). 255-259 бб.
7. Келдибекова А.О., Маткаримова М.Ш. Развитие креативности студентов колледжа в процессе профессиональной подготовки / А.О. Келдибекова, М.Ш. Маткаримова //В сборнике: Актуальные вопросы теории и практики физического образования в средней и высшей школе. Саратов, 2024. 183-188 бб.
8. Келдибекова А.О., Маткаримова М.Ш. Развитие креативного мышления учащихся при решении задач исследовательского характера / А.О. Келдибекова, М.Ш. Маткаримова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2022. № 10. С. 293-296.
9. Маркова А.К. Психология профессионализма / А.К. Маркова. - Москва: межд. гуманитар. фонд "Знание", 1996. - 308 б.
10. Оспанова Б. А. Педагогические основы формирования креативности будущего специалиста в системе университетского образования / Б.А. Оспанова: автореф. ... дис. канд. пед. наук. — Туркестан, 2006. - 41 с.
11. Перерва О.Ю. Понятие «творчество» и его сущность /О.Ю. Перерва // Успехи современного естествознания. 2004. № 7. 126-128 бб.
12. Поварёнков Ю.П. Психологическое содержание профессионального становления человека / Ю. П. Поварёнков. Москва: изд-во УРАО, 2002. 159 с.
13. Погорелая Т.С. Развитие креативных способностей детей как социально-педагогическая проблема / Т.С. Погорелая // Достижения науки и образования. 2018. № 8(30). 82-83 бб.

**Рецензент: педагогика илимдеринин доктору, профессор Бабаев Д.**